
# Тайган




Автор: Заря Мамбетова

Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

# Тайган

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Тайган" (кыргыз тилинде), автор Заря Мамбетова, сүрөтчү Нурлан Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Кайраттын чоң атасы көптөн бери тайган багат. Аны элдер тайганчы деп коюшат. Чоң ата тайган тууралуу көптөгөн кызыктуу окуяларды билет. Аларды айтып берүүдөн эч качан тажабайт. Неберелери чоң атасынын аңгемелерин аябай кызыгып угушат. Кайрат угуп гана тим болбостон, ар кандай суроолорду көп берет.



– Ата, эмне үчүн тайган башка иттерге окшобойт? Анын буту узун, денеси ичке, куйругу чыгырыктай болуп ийилип турат? – деп сурады Кайрат.



– Азаматсың, уулум! Сен муну туура байкапсың. Тайгандын тулку бою чуркаганга ылайыктуу – ал өтө тез чуркайт. Карачы, келбети кандай гана сонун!

– Ата, тайган күлүк ит турбайбы, ээ?

– Ооба, туура айтасың, ал абдан күлүк. Саатына 50-60 километрге чейин чуркай алат.



Аңгыча Кайраттын тайганы Кумайык алардын жанына келди. Кумайык адатынча эркелеп, чоң атага жөлөнүп, чокчоюп отуруп калды. Сөз түшүнүп жаткансып, акылдуу карап коёт. Чоң ата Кумайыкты жонунан сылады да, сөзүн андан ары улады:

– Илгертен мергенчилер ат минип, бүркүт салып, тайган агытып, аңчылыкка чыгышкан. Бүркүт менен тайган аң уулоодо мергенчиге эң мыкты жардамчы болот. Бүркүт таптаган адамды кыргыздар мүнүшкөр деп аташат. Мергенчилер бүркүт менен тайганды кичинесинен багып, атайын аңчылыкка үйрөтүшөт.



– Тайган мергенчиге кантип жардам берет?

– Алгыр тайган ууга чыкканда, айбанатты алыстан байкап, акырын жойлой басып аңдыйт. Анан жакындаганда атырыла чуркап кууп жөнөйт. Кийиктерди үркүтүп, мергенчиге айдап келип берет. Тайган карышкыр, түлкү, кашкулак, чөөнү да кармап алат.

– Ой-ий, тайган мындай өнөрдү кантип үйрөнөт?

– Ата-бабаларыбыз байыркы замандан бери эле тайганды аң уулоого үйрөтүп келишкен. Бул биздин элге тиешелүү, атадан балага өткөн чоң өнөр. Тайгандын күчүгүн туулгандан 3-4 ай өткөндө эле машыктыра башташкан. Тайган баарын түшүнөт, айттырбай билет, сезгич, үйрөткөн нерсени тез өздөштүрөт.



– Ой-и-ий, тайган аябай мыкты жаныбар турбайбы!

– Ооба, элибиз тайгандын мыкты сапаттарын мурдатан эле баалашкан. Ала-Тоо аймагында тайган байыркы заманда эле болгон. Талас, Ысык-Көл, Тогуз-Торо, Саймалуу-Таштагы ташка чегилген сүрөттөрдө тайган ээрчитип, аң уулап жүргөн кишилердин сүрөттөрү бар. Булар миңдеген жылдар илгери тартылган сүрөттөр.



– Анда тайганды көп машыктыруу керек тура, ээ, ата?

– Тайганды таптоо – кыргыздын байыркы ата-бабадан калган өнөрү. Бул биз үчүн чоң сыймык. Чет өлкөлөрдө биздин тайгандар “кыргыз тайганы” деген ат менен таанымал болуп калды.



Азыркы кезде малчылар малын карышкырдан коргоо үчүн тайган багышат. Тайган малды карышкыр, чөө сыяктуу ар кандай жырткычтардан кайтарат, аларга тайманбай кол салат. Тайгандан башка иттер карышкырга даай алышпайт.



Эми сага бир окуяны айтып берейин, балам. Мен бала кезде бир жолу биздин короого карышкыр кирди. Койлор туш тарапка качып, маарап жатышты.

Малчы мылтык атып, эки тайганды айдактады, алар карышкырды тез эле кууп жетишти. Бир тайган алды жагына чыгып, карышкырды алаксыта баштады.

Карышкыр ага тап берип алаксып калганда, артында жетип барган экинчи тайган анын арткы бутунан тиштеди. Мына ошондо карышкыр чуркай албай, чокчоюп отуруп калды.



Тайгандар карышкырды ушундай амал менен кармашат. Бул амалды алар кантип билип алганы абдан кызык, бир чети табышмактуу. Ички сезими менен туюп, карышкырдын талуу жерин билип алганын карачы! Болбосо бөрүнү жеңиш өтө кыйын да.



– Тайган ушундай акылдуу, айла-амалдуу ит тура! Ал тууралуу дагы да кызыктуу окуялардан айтып бериңизчи.

– Айтса айтайын, балам. “Тайган жарыш” деген оюнду билесиңби? Тайганчы жарышка атайын даярдык көрүп, күн мурунтан итти чуркатып машыктырат. Жаштар тайган жарыштырып, оюн-зоок өткөрүшөт. Көрүүчүлөр тайгандарды сүрөп, кыйкырып турушат.

Тайганга көбүнчө Кумайык деп ат коюшат. Ит төрөсү – Кумайык деп кыргыз эли тайганды илгертен жогору баалайт.

Кайрат чоң атасынын аңгемелерин абдан кызыгуу менен укту.



Тайгандардын өнөрүнө аябай кубанды, бир чети сыймыктанды. Кумайыкты жонунан сылап эркелетти. Андан кийин экөө кубалашып ойношту.

– Ата, мен да тайганчы болгум келет, – деди Кайрат чуркап баратып.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли